*УДК: 801.81*
*DOI: 10.35254/bhu.2019.48.1*

***Бактыгүл Абдубалиева***
*филология илимдеринин кандидаты, доцент,*
*К. Тыныстанов атындагы*
*Ысык-Көл мамлекеттик университети,*
*Каракол шаары,*
*E-mail: b.abdubalieva@gmail.com*
*тел: 0708 22 05 72, 0777 75 25 20*

# АЛМАМБЕТТИН АКЫЙКАТТЫК КҮРӨШҮ
## *(Ш.Азизовдун варианты боюнча)*

# БОРЬБА АЛМАМБЕТА ЗА СПРАВЕДЛИВОСТЬ
## *(по варианту Ш.Азизова)*

# ALMAMBET'S FIGHT FOR JUSTICE
## *(Under the option of Sh.Azizov)*

***Аннотация:*** *Макалада Ш.Азизовдун "Манас" эпосундагы "Алмамбеттин окуясы" талдоого алынып, С.Каралаевдин вариантына салыштырылып жалпылыктар жана айырмачылыктар аныкталат. "Манас" эпосу көп варианттуу чыгарма. "Алмамбеттин окуясы" бардык манасчылардын варианттарында чагылдырылып, автобиографиялык мүнөздө берилет. "Манас" эпосундагы баш каармандардын бири Алмамбет Манастын ишеничтүү кырк чоросунун бири. Убакыттын өтүшү менен Алмамбеттин образы эволюциялык өсүүдө болуп жана байыркы архаикалык белгилерин сактап келген. Бул сюжеттерди талдоодон ачык байкалып, изилдөөлөр далилдейт. Ш.Азизовдун вариантындагы "Алмамбеттин окуясы" жогорку көркөмдүктө ырааттуу баяндалып, сюжеттик мотивдерде мифтик-фантастика, философия, трагедия баяндалат. "Манас" эпосундагы "Алмамбеттин окуясы" окумуштуулардын кызыгуусун арттырып, салыштырма-тарыхый мүнөздөгү изилдөө жүргүзүлүп, ар кандай көз караш, пикирлер айтылып келет. Салыштыруунун негизинде Алмамбеттин жасаган эрдиктери жалпы элдин кызыкчылыгын көздөгөнүн баамдайбыз.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Манас, Алмамбет, вариант, сюжет, образ, эволюция, трагедия, архаикалык белгилер, мотив, салыштыруу.*

***Аннотация:*** *В статье анализируется «Сказание об Алмамбете» по варианту Ш. Азизова в сопоставлении с вариантом С. Каралаева, выявляя схожести и различия.*

*Эпос «Манас» многовариантен. У всех манасчи «Сказание об Алмамбете» изложено традиционно в автобиографическом плане. Алмамбет - один из главных героев эпоса «Манас», самый верный из сорока джигитов. С течением времени образ Алмамбета эволюционировал, при этом сохранив свою архаичность. В процессе исследования это явно прослеживается. В варианте Ш. Азизова «Сказание об Алмамбете» высокохудожественно. В сюжете можем увидеть мифо-фантастическое, философское, трагедийное начало. «Сказание об Алмамбете» всегда было в центре внимания манасоведов. Исследования проводились в сравнительно-историческом плане. В результате проводимых исследований было опубликовано много научных работ и статей. Вся жизнь Алмамбета была борьбой, но не за личное благополучие, а за правду и справедливость.*

***Ключевые слова:*** *Манас, Алмамбет, вариант, сюжет, образ, эволюция, трагедия, архаичность, мотив, сравнения.*

***Abstract:*** *The article deals with "Tales of Almambet" by the variant of Sh.Azizov and S.Karalaev and reveals the features and general. The Manas Epic is a multivariant. All manaschi have "The Tale of Almambet" traditionally stated in the autobiographical plan.*

*The diamond is one of the main characters of the Manas epic and the most faithful of forty dzhigits. Over time, the image of Almambet evolved, but retained its archaic character. In the process of research, this is clearly traceable. In the version of Sh.Azizov "The Tale of Almambet" is highly artistic. In the plot we can see the mythical, fantastic, philosophical, tragic beginning. "The Tale of Almambet" has always been the focus of Manasovian attention. The studies were conducted in a comparatively historical way. As a result of the research carried out, a lot of scientific works and articles have been published. The whole life of Almambet was a struggle, but not for personal well-being, but for truth and justice.*

***Key words:*** *Manas, Almambet, variant, plot, image, evolution, tragedy, archaic, motif, comparisons.*

«Манас» эпосундагы туруктуу өзөк окуяларды манасчылар талант-шыгына жараша айтып, көлөмү, көркөмү ар кандай даражада баяндалып келет. Туруктуу өзөк окуялардын ичинен «Алмамбеттин окуясы» поэтикалык түзүлүшү жагынан биографиялык формада болуп, Алмамбеттин төрөлүшү, адилетсиз бийлик үчүн күрөшү, элинен азып качып келиши, баатырдык эрдиктери өңдүү окуялардын жыйындысынан турат. Айтылуу манасчылардын варианттарында Алмамбетке байланышкан окуялар ар кандай тема менен аталып, жалпылыктар сакталат. Айталык С.Каралаевдин вариантында «Алмамбет менен Сыргактын чалгынга жөнөшү», «Алмамбет менен Чубактын чатагы», «Алмамбеттин жомогу», «Чалгын», «Алмамбет Тыргооттун каны Канышайды өлтүргөнү» деген бөлүмдөрдө чагылдырылат.

Ш.Азизовдун «Манас» эпосунда Алмамбеттин окуясы эпостогу башка окуялар менен бир бүтүндүктө баш каармандын айланасында жаралган жогорку көркөмдүктөгү баян. Ш.Азизовдун вариантында эпикалык каарман Алмамбетке байланыштуу окуялар төмөнкүдөй бөлүмдөрдө баяндалат:

1. Алмамбеттин Көкчөдөн чыгып Манаска келиши.
2. Чубактын Алмамбеттен жол талашканы.
3. Алмамбеттин жомогу.
4. Алмамбетке ат коюлушу.
5. Алмамбет менен Сыргактын жол чалганы.
6. Алмамбет, Сыргактын чет Бээжинден жылкы тийгени, Коңурбайдын куугун түшкөнү.
7. Алмамбеттин аскер башы болушу.

Манасчылардын варианттарында темалар жалпы жонунан окшош аталганы менен ***сюжеттик композициялык түзүлүшү*** ар түрдүү экендиги окуй жана талдай келгенде белгилүү болот. «Алмамбеттин жомогу» бир бүтүн композицияга ээ, баш-аягы бар окуя болгону менен жалпы эпостун курамынан өзүнчө боло албайт. Окумуштуу В.М.Жирмунский «Введение в изучение «Манас» аттуу эмгегинде Алмамбетке мындайча кыскача мүнөздөмө берет: «Алмамбет – первый из богатырей Манаса и его названный брат, китайский царевич, отрекшийся от язычества ради «истинной веры», и проводник Манаса в его походе на Бейджин, имеет наиболее сложную и законченную биографию, которая должна быть рассмотрена в дальнейшем в связи с более поздними мусульманскими наслоениями в киргизском эпосе» [3, с. 46]. В.М.Жирмунский белгилегендей тагдыры татаал Алмамбеттин өмүр жолунда түрк-монгол элдеринин баатырдык эпосторуна мүнөздүү болгон эпикалык традициялар сакталган жана жагдайга байланыштуу транформацияланып келген.

«Манас» үчилтигине кыргыз кыйырынан тышкары башка улуттардын окумуштууларынын да кызыгуусу артып, ар тармактуу изилдөө иштери жүргүзүлүп, көлөмдүү эмгектерден баштап чакан иштер да аткарылды. Баш каарман Алмамбеттин образына да көптөгөн окумуштуулар кайрылып илимий-изилдөөлөр жүргүзүлүп, көптөгөн ой-пикирлер, сындар айтылган. Окумуштуу Р.Сарыпбековдун «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» (Фрунзе-1977) деген салыштырма-тарыхый мүнөздө жазылган эмгеги «Алмамбеттин окуясында» матриархаттык доордон патриархаттык доорго өтүү мезгилиндеги социалдык кагылыштын чагылдырылышы», «Алмамбеттин образындагы маданий каарманга таандык мифтик-фантастикалык элементтердин көрүнүшү», «Манас» эпосунун тарыхый баатырдык эпос болуп кайрадан жаралуу мезгилинде Алмамбеттин образына кирген жаңы белгилер» деп аталган үч бөлүмдөн турат. Аталган эмгекте аталык доордон энелик доорго өтүү мезгилиндеги кагылыштар, Алмамбеттин образынын эволюциялык өсүшү, Алмамбеттин ысымынын этимологиясы изилдөөгө алынып, кийинки изилдөөчүлөр үчүн таяныч болуп берген. Окумуштуу Р.Сарыпбековдун «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» деп теманын өзү эле айтып тургандай эпикалык баш каармандардын эволюциялык өнүгүүнүн үстүндө болушу закон ченемдүү көрүнүш.

Эпикалык чыгармаларда баш каармандын бейнесин ачыш үчүн өмүр таржымалы баяндалып, автобиографиялык мүнөздө берилет. «Манас» эпосун изилдөөдө олутту эмгектерди жараткан Э.Абдылдаевдин пикирине токтолсок: «Түрк-монгол элдеринин эпикалык традицияларынын өнүгүшүнүн алгачкы баскычтарына мүнөздүү негизги белгилердин бири катарында баатырлык эпостордун поэтикалык системасынын стуктуралык түзүлүшү эпикалык баатырлардын (алптар) биографиясын поэтикалык формада идеализациялаштыруу принцибинде курулгандыгын белгилөөгө болот. Мисалы, Алтай-Саян чөйрөсүндө жашаган түрк-монгол элдеринин эпикалык традицияларынын композициялык бирдиги жөнүндө, алардын жалпы поэтикалык түзүлүшүнүн системасы жөнүндө изилдөөчүлөр мындай бир туруктуу пикирди айтышат. Алсак буряттардын баатырлык эпосторунун жалпы түзүлүшүнүн структурасы тууралуу Г.Д.Санжеев мындайча жазат: «Унгиндин эпопеялары жалаң гана «эки жүрүштү» (В.П.Пропптун терминологиясы), башкача айтканда алар кандайдыр эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгүндө туулган учурдан тартып үйлөнгөнгө чейинки каармандын тагдыры ырдалат, экинчисинде кандайдыр бир душманга жортуулга чыгып аны жеңет» [1, 33-34-б.]. Дүйнөлүк баа-

тырдык эпосторго назар салганыбызда баш каармандардын өмүр жолу традициялык салт боюнча түзүлүп, «эки жүрүш» тең өзгөчө шөкөттөө менен коштолуп, салттык сюжеттер убакыттын өтүшү менен алымча-кошумчага дуушар болот. Манасчылар Алмамбеттин жомогун айтууда салттык жана архаикалык мотивдерди сакташып, окуянын жүрүшүнө ылайык мифтик-фантастика коштоп жүрүп отурат.

Ш.Азизовдун вариантындагы Алмамбеттин окуясын талдоого алсак: «Алмамбеттин жомогу» деп аталган бөлүмдө Азизкандын балага зар болушу, баланын кереметтүү төрөлүшү, ат коюлушу, ажыдаардан окуп билим алышы, адилетсиздик үчүн күрөшү, алгачкы эрдиктери баяндалат. Эпосто Бээжиндин каны Карыкан, Алооке кан, Азизкан кан, Эсенкан төртөө бир тууган деп айтылат. Азизкан алтымыш аял алып, акыркысы эки эркек уул төрөйт. Эки баласы эси жок чыгып, он жашында апийимчи болуп, нашаа чегип, атасын азапка салышат. Ошондо кайгыга баткан Азизканга Шаңчу күң Соорундуктун кызы Алтынайды сынап, купулуна толгондо мындай дейт:

Мунун тууган баласы,
Ойротту бузган эр болот.
Сол далысы кең болот,
Мунун тууган баласы,
Солбуй тарткан эр болот.
Оң колуна кабыштап,
Кан ичкич эр болот.
Бир колуна май уучтап,
Май ичкич шер болот.
Баатыр болот, шер болот,
Алоокенин Коңурдан,
Аша турган эр болот.
Сол дайраны бурдурса,
Сол дайра токтолот,
Оң дайраны бир бурса,
Оң дайра токтолот
[4.136-137-б.].

Аяр Шаңчудан он төрт жаштагы Алтынайдын тууган баласы баатыр болуп, жайчы болуп төрөлөрүн уккан Азизкан Соорундуктун жалгыз кызы Алтынайга нике кыйдырып үйлөнөт. Периден сабак алган, жайчылык жайы бар Алтынай Азизкандын койнуна ибилис кызын жаткызып, боюн кошпойт.

Ал эми С.Каралаевдин вариантында окуя башкача берилет. Мында Алмамбеттей баатырдын төрөлүшү какандын каны Эсенкандын даңзасына чийилип, бул чийинди укканда элине бүлүк салып, Алоокенин Коңурбай Азизкандын Кан-Жайлагын тартып алат. Жетимиштен жашы ашкан, алтымыш аял алса да, артында туягы жок Азизкан арман кылып мындай дейт:

Алоокенин Коңурбай,
Андан көрдүм кордукту.
Эсенкандын Бөрүкөз,
Мындан көрдүм зордукту.
Баласыздык дартынан,
Баарынан көрдүм чоңдукту
[5, 103-б.].

Азизкан агасы Карыканга арманын айтып кат жазганда, Карыкан элдин ичинен он үч жаштан отуз жашка чейинки кызды Чоң Бээжинге жыйнап, аярлар сындан өткөрөт. Ошондо Соорундуктун он эки кызынын кичүүсү Алтынайды кырк аярдын башчысы Шуйту деген аял жактырып мындай дейт:

Ушул катын зор тууат,
Коңурбайдан чоң тууат...
Калайыкты кыйраткан,
Кабылан жолборс көк тууат.
Көңүлдөнсө Бээжинден,
Четтеп кетер эр тууат.
Калдайган калың Бээжинди,
Өрттөп кетер шер тууат.
Жаза көрүп таштасак,
Көздүү буркан урсун деп,
Жалган айтып жиберсек,
Сөздү буркан урсун,
Билбей кокус биз айтсак,
Бизди буркан урсун – деп
[5, 104-б.].

Жалган айтсам, көрбөй калса буркандын касиети урат деген Шуйту Соорундуктун кызы Алтынайдын каршылык көрсөткөнүнө карабай, зордук менен кармап барып, Азизге нике кыйдырат. Калмак-кытайлар буркандын сөлөкөтүнө сыйынып, аны олуя катары көрүшөт. Жогорку мисалда көрүнгөндөй антташуу, анттан коркуу салты эпосто кеңири чагылдырылат.

«Манас» эпосунда жокту бар кылып жасай алган, айтканы ката кетпеген, сыйкырчылык касиети бар аярлар бар. Мисалы;

Кайыптын кызы Каныкей,

аярлык жайы бар эле [4, 125-б.] деп Каныкейдин аярлыгы айтылса, Алмамбет энеси Алтынайдын аярлык жайын мындай дейт:

Кагылайын энекем,
Баары түгөл тогузу,
Аярлык жай бар эле
[4, 137-б.].

Эпостогу айрым каармандардын аярлыгы, сыйкырчылыгы архаикалык мотив болуп саналат. Ш.Азизовдун вариантында гана эмес бардык манасчылардын айтуусунда Каныкейдин, Алмамбеттин, Алтынайдын аярлыгы сүрөттөлөт. Алмамбет эпостогу башка каармандардан өзгөчөлөнүп, жайчылык өнөрдү да өздөштүргөн каарман.

Түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында орун алган «балага зар болуу, баласыздык» мотиви «Алмамбеттин жомогунда» да чагылдырылат. Ш.Азизовдун вариантында Азизкан баласыздыктын айынан алтымыш аял алып, эки баласы апийимчи болгондо «балам жок» деп арман кылат. С.Каралаевдин вариантында Алмамбеттин атасы Азизкан артында калар тукуму жоктугун, арман менен коштоп, «Менден туулган туяк жок, кандай шумдук болду деп» кан какшайт. Кан Жакыптын, Коркут Ата китебиндеги Дирсе Кандын да балага зар болуусу жогорку бөлүмдөрдө талдоого алынган.

Ш.Азизовдун вариантында Алмамбеттин энеси Алтынайдын эр Мажиктен боюна бүтүшү, жолборстун жүрөгүнө, кымызга талгак болушу ырааттуу

баяндалып, окурмандын кызыгуусун арттырып жүрүп отурат.

Береки турган түгөтүң,
Кымызга талгак болду эми.
Аралга бээни байла деп,
Көөкөргө кымыз чайка деп,
Мына ошентип калганда,
Кара манжу көп кытай,
Бээнин сүтүн саай албай,
Кымыз жасап бере албай
[4, 138-б.].

Кымыздын сырын кыргыздан бөлөк эл билеби, ошондо түбү кыргыз Мажик сан жылкыдан көк бээ байлап, кымыз ачытып, Алтынайдын талгагын кандырат. Ал эми жолборстун жүрөгүнө талгак болгондо, Кангайдын кара мергени атып келген жолборстун жүрөгүн сурап мындай дейт:

Оо, айланайын мергеним,
Сообума калып кет,
Атып алган жолборстун,
Кагылайын мергеним,
Кара башым мен тартуу,
Жүрөгүн берген деп айтты
[4, 139-б.].

Талгак болгон Алтынайдын сөзүн эки кылбай, мерген Кан жайлактын үңкүрүнөн атып алган жолборстун жүрөгүн сууруп алып, акысына алтын толо капчык алат. Алтынай жолборстун жүрөгүн чала бышырып, сорпосун түгөтө ичип, талгагы канат. Ш.Азизовдун вариантындагы бул эпизоддор Алтынайдын кымызга, жолборстун жүрөгүнө талгак болушу С.Каралаевдин вариантында айтылбайт. Ал эми С.Каралаевдин вариантында Алтынай Нурдун уулунан түшүндө кош бойлуу болушу, үч айлык боюнда бар Алтынайды кырк аяр амал менен кармап алганда, Алтынай балбандардын башын кыя чаап, кулагы темир Кутан алп, маңдайы темир Маңкуш алптар менен кармашып, эрдигин көрсөтүшү, темирден тор тосушуп, темир торго салып Карыкандын астына алып барышы Ш.Азизовдун вариантында айтылбайт. Ш.Азизовдун вариантында окуя реалдуу турмушка жакыныраак берилсе, С.Каралаевдин айтуусунда апыртып берген согуштук сүрөттөө орун алган.

Алмамбеттин төрөлүшү, Манас баатырдын төрөлүшү сыяктуу кереметтүү окуялар менен коштолуп баяндалат. Ш.Азизовдун вариантында Алтынай эр Мажиктен Күл токойдун жээгинен эки кулач таяк кыйдырып келип, оң колтугуна таянып алып:

«Жараткан Алла, жалга» – деп,
«Жалпы олуя колдо» – деп,
“Берген Теңир жалга” – деп,
«Бериштелер колдо» – деп,
«Жөлөгөнүң чын болсо,
Жөлөп алып жүргүн» – деп,
«Колдогонуң чын болсо,
«Колдоп алып жүргүн» – деп,
«Аркагай мүйүз ак марал,
«Ак марал жолун чалгын» – деп,
«Көсөө куйрук көк даңгыт,
«Кайтарып өзүң алгын» – деп,
«Нурдун кызы Нурпери,
Оң ийнинен алгын» – деп
[4, 140-б.].

Мисалда көрүнгөндөй Алтынай мусулман динин тутунгандыктан, Аллага сыйынып, периштелерге жалынып, ислам дининин элементтери сакталган. Күл токойдун жээгинен кыйдырып келген эки кулач таякка ишениши, ошондой эле Теңир, Алла, “аркагай мүйүз ак марал”, “көсөө куйрук көк даңгыт”, “Нурдун кызы Нурпери” деп Алтынайдын жалынышынан көрүнгөндөй «Манас» эпосунда дүйнөлүк диндердин элементтери орун алган.

Окумуштуу Г. Жамгырчиева белгилегендей: «Кыргыз эли жана башка коңшу жашаган элдердин бир-бирине тийгизген маданий, социалдык, диний-конфессионалдык ж.б. жактардан өз ара таасирлери элдик эпостордо чагылдырылып калган. Доорлор өтүп, улам жаңы кирген диндер мурункусун сүрүп чыгып, бирок алдыңкы диндин элементтери кийинки диндин канондоруна аралаш жашап, элдин эсинде сакталып жүрө бергендиги элдик салт-санаалардан, оозеки чыгармачылыгынан даана байкалат» [2, 125-б.]. Негиздүү айтылган бул пикирге далилдер эпосто арбын кездешет. Тоого, ташка, көккө сыйынуу, мазар тайуу, курмандык чалуу ж.б. көрүнүштөр, эпосто узак мезгилдерди кучагына алган диндин эң байыркы формасы шаманизмдин, Теңирчиликтин, ислам дининин элементтери жуурулушуп келгендигин далилдейт.

Ш.Азизовдун вариантында Алмамбет төрөлгөндө Азизканга сүйүнчүгө Мажик барып, алтын пул алып, кытайдын тоюна күбө болот.

Тойду берип алды эми,
Каман менен ошондо,
Кашкулакты алды эми.
Аңкыштаган суурдан,
Кармап алып ошондо,
Терисин сыйрып ошондо,
Калмак кара казанга,
Алып келип салды эми
[4, 142-б.].

Мисалда көрүнгөндөй кытай эли кашкулак, суурдун этин жеп, дини башка, зили башка эл экендиги көрүнөт. “Алмамбеттин жомогунда” Ш.Азизов жардамчы жана негизги эпизоддорду кырдаалдарга жараша башка окуялар менен жогорку чеберчиликте айкалыштырып, элдик каада-салттарды жуурулуштуруп баяндайт.

Ш.Азизовдун вариантында “Алмамбетке ат коюлушу” өзүнчө тема болуп, эпизоддор кыйла кызыктуу сүрөттөлөт. Кара манжу кытайлар балага ат коюуга чогулушуп, ат таба албай турганда, Айкожонун иниси алтын айлуу Супкожо асмандан түшүп келип, кыбыланы карап туруп, төмөнкүдөй бата берип, ат коет.

Бир колуна кан ичме,
Кан ичмеси жайылсын.
Бир колуна май ууччап,

Май ичмейи жайылсын.
Тиштегени ок болсун,
Тиктегени жок болсун.
Кармаганы ок болсун,
Караганы жок болсун.
Адыр ашуу бел болсун,
Шаймерген колдоп дайыма,
Туулган баланын аты,
Алмамбет шер болсун!
[4, 142-б.].

Батанын мазмунунда айтылгандай Алмамбет кичинесинен эле шок болуп, адилеттик үчүн күрөшүп, каармандыгын көрсөтө баштаганда, атасы Азизкан таятасы Соорундукка берип бактырат. С.Каралаевдин вариантында аталган эпизод төмөнкүдөй айырмачылыкка ээ: Бала төрөлгөндө эле кулагынын учу тешилүү, сүнөттөлүү болуп, колуна ууччап кара кан менен түшүп, жетимиш күнү жаан жаап, жер титиреп кетет; тогуз айга толгончо жан кишиге билгизбей, таятасы Соорундукка бактырат; баладан арам санап, далайды соруп кеткен кудукка салганда, үзүктөй кара булут кудуктун оозун жаап аман калат, жетимиш күнү той кылып, ак сакалчан кыргыз думана пайда болуп, "Алмамбет" деп ат коет. Эпосто айтылгандай балага "ойбо" же "шойбо" деп кытайдын аты коюлбаганы боюнча окумуштуу А.Эшиевдин пикирине токтолсок: "Бирок кеп Алмамбет деп ат койгон думананын Кыргыз экендигинде болууда. Эми муну биринчи манасчы ишенимдүү булактардан уккан болуу керек. Жөн эле чамалап, болжоп ат койбогондугу анык. (Караңыз, мындан 1200 жыл илгерки манасчы андан бир нече миң жыл илгерки Кыргыз думана сакралдык ишеними тууралуу кабары болгон экен). Демек, бул сөздүн чындыкка жакындык жагы болушу мүмкүн. Анда неликтен кыргыз думана Алмамбет деп ат койду экен? Ал кытай, же калмакка таандык ат койбогондугу өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошондуктан бул Алмамбет деген ат санжыргалуу кырк уруу кыргызга тиешелүү эпоним сөздөрдөн туруусу мүмкүн" [7, 115-б.].

Алмамбеттин образындагы байыркы элементтин бири анын алтымыш баштуу ажыдаардан окуп келиши. Бул негизги эпизод Ш.Азизовдун вариантында Алмамбеттин эки жыл жер астында ажыдаар тилин окуп келгени, жети миң бала бир кирип, жети бала аман келгени, Каражой уулу Кожожаш андан артык окуп калганы кызыктуу баяндалып өтөт. Ал эми С.Каралаевдин вариантында Алмамбеттин атасы Азизкан Коңурбай ит калчадан өчүмдү алып бергин деп, жалгыз көздүн элиндеги Суук-Төр деген төрүндө Аберден деген көлүндөгү алтымыш баштуу ажыдаарга окууга жиберет. Ажыдаарды төмөнкүдөй сүрөттөйт:

Алтымыш баштуу ажыдаар,
Андан барып окуп кел.
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Бурганактап шыбыргак,
Кубултуп күндү бузуучу,
Жайдын жайын окутат,
Атышка кирсең алдырбас,
Октун жайын окутат,
Адамды өрттөп жиберер,
Чоктун жайын окутат
[5. 106-107-б.].

Жаратылыштын мезгилин кубултуп алаар жайчылык өнөрдү ажыдаардан өздөштүрүүсү Алмамбеттин согуштук жүрүштөрүндө баатырдыгы менен катар негизги орунду ээлейт. "Эпосто жайчылык өнөр жылан-ажыдаар менен байланыштырылат. Мифтик мындай ишенимди дүйнө элдеринин оозеки чыгармаларында кеңири кездешкен суунун ээси жылан, ажыдаар болуп эсептелген белгилүү салттык сюжеттин бир элеси, көрүнүшү катары кароого болот. Жайташты пайдалана билүү үчүн анын окуусун окуу керектиги түрк-монгол элдеринин оозеки чыгармаларында көп айтылат. Бирок, башка элдердин эпикалык чыгармаларына караганда "Манас" эпосунун байыркы катмарында жаткан шамандык жайташ өтө кеңири баяндалат" [6, 195-б.].

Ш.Азизовдун айтуусундагы "Алмамбеттин окуясында" он эки жашар Алмамбет Түп Бээжин менен Чоң Бээжинде алтын такка отуруп, элди бийлеп турганда, энеси Алтынайдан кат келет. Кабыргасынан кагынып, катуу оору дегенди угуп, Алмамбет Сараласын минип, энесин издеп таап жолуккан жеринде эненин мээримин абдан таасирдүү төмөнкүдөй сүрөттөгөн:

Кагылайын каралдым,
Кыйла жерден жаралдың
Зарлап жүрүп тапканым.
Балакетиң алайын,
Салып койгон капканым,
Маңдайымда белегим,
Найзага таккан желегим
[4, 146-б.].

Ыр саптарында көрүнгөндөй эненин ички сезими параллель салыштыруу аркылуу берилип, зарлап жүрүп көргөн уулуна жалынып, салып койгон шаарга салыштырып, "маңдайыма бүткөн белегим, найзага таккан желегим" деп жогорку деңгээлде көркөмдөп айтуусу Ш.Азизовдун акындык дараметин айгинелейт. Манасчы так жана кыска, көркөм берилген сүрөттөөлөр аркылуу каармандын ички дүйнөсүн ачып бере алат.

Түшүндө аян берип мусулман динин кабыл алган Алмамбеттин энеси Алтынай Азизкандын да мусулман динине киришин каалап, уулун атасына жиберет. Алмамбет атасынын ордосунан Эсенкандын кызы Бурулчаны көрүп, көзү түшүп калат. Азизкан мусулман динине кирип, Мекеге качууга каршы болуп, уулуна абдан ачууланып, алтымыш желдет, кырк малайына өлтүртүп коердо, Алмамбет атасын өлтүрөт. Ошондо энеси Алтынай гүлазыкты даярдап, эр Мажикти алып, уулун ээрчитип, жан кишиге көрүнбөй Мекени көздөй качышат. Коңурбайга бул кабарды жаң-жуңдун кызы Бирмыскал жеткирет. Артынан куугун түшүп, Коңурбайдын алты миң колуна туруштук бере албай Алтынай менен эр Мажик окко учат. Алмамбет сан түмөн кол менен жалгыз калганда, колуна кара жай ташын алып, жайчылык өнөрүн көрсөткөнүн Манаска мындай деп айтып берет:

Камчыланып алдым мен,
Күндү жайлап калдым мен.
Жакага жамгыр төгүлтүп,
Бөксөгө мөндүр куюлттум.
Жайдын күнүн кыш кылдым,

Акана кийген кытайды,
Кыңшылатып кыз кылдым
[4, 152-б.].

Ошентип Алмамбет Коңурбайдын түмөндөгөн колун жайчылык өнөрү менен жеңип, шейит кеткен энеси Алтынай менен эр Мажиктин сөөгүн жашырып, андан соң талаа кезип, Сараласы экөө жалгыз калат. С.Каралаевдин вариантында Алтынай Каражойго кабылып, анын огу жаңылып, шейит кетет, Мажикти болсо Алмамбет аман сактап калып, жанында ишенимдүү адамына айланат. Каарданган калың кытай көп элди Алмамбет жайчылык өнөрү менен жеңгенин С.Каралаев төмөнкүдөй сүрөттөп Ш.Азизов менен жалпылыктар байкалат:

Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Күндүн куюн бузултуп,
Бөксөгө мөндүр жаадырып,
Жакага шыбыргак шамал салдырып,
Түзөң жердин баарысын,
Жөө туманга алдырып,
Жайлап жатып кутулдум
[5. 117-б.].

"Жайташ – аба ырайынын өзгөрүшүнө таасир кылуучу магиялык күчкө ээ таш. Коомдук өнүгүштүн алгачкы учурларында адам табияттын сырын билип, баш ийдирүүгө кылган аракетинен келип чыккан, жайташтын магиялык касиетке ээ экендиги жөнүндөгү шамандык түшүнүктүн пайда болушуна, биринчиден эң алгачкы эмгек куралынын болушу, ал таштын көбүнчө суунун түбүндө же башка нерселерде орун алышы түрткү болгон. Жайташ монголдордо "жада", "яда", казактарда "жайтас", якуттарда "сата" деп аталып, сыйкырдуу магиялык күчкө ээ таш катары сүрөттөлөт. Байыркы кыргыздардын ишениминде жайташ көбүнчө койдун же уйдун карынынан табылган" [6. 194-195-б.]. "Манас" эпосунда жайчылык өнөр Алмамбетке гана мүнөздүү эмес. Ажыдаардын окуусун Алмамбеттен үч ай ашык сабак алган Шаң-шуңдун уулдары Коңурбайдын көзгө атар мерген жигитттери Каражой менен Кожожаштын, Шыпшайдардын дагы жайчылык өнөрү бар каармандар. "Чоң казатта" Каражой жай ташты сууга салып, күндүн ырайын бузуп:

Кийими жука бурутту,
Кыңшылатып кыз кылам.
Сасык туман салалы,
Алдап кармап алалы
[4. 258-б.]

деп жайчылык өнөрүн көрсөткөндө, анын сырын билген Алмамбет буруттарды табияттын алааматынан жай ташын сууга салып, каршы дуба окуп сактап калат. Ошондо Коңурбай арман кылып мындай дейт:

Жай таш сууга салганда,
"Жарым кандын ташы" – деп,
Мен кургуруң сайганда.
Шум бороон ташын алганда,
Катыгүн, Алмамбет кулга сайганда.
Шоонун ташын бербестен,
Жай таштын ташын алганда,
Кара манжу бурутту,
Капталдай чыгып барганда,
Адам салбайт белем бүлүктү.
Сайбайт белем катыгүн,
Тээтиги Манас деген бурутту
[4. 286-б.].

Эпосто жайташ негизинен согуш мезгилинде гана пайдаланылып, жай турмуш учурунда кепке алынбайт.

Алмамбетке байланыштуу окуялар Ш.Азизовдун жана С.Каралаевдин варианттарында кеңири, жогорку көркөмдүктө айтылып, терең философия, трагедия, улуу ой камтылып жатат. Каармандын негизги касиет-сапаттары, иш-аракеттери эл тарабынан бааланып, салыштыруунун негизинде Алмамбеттин жасаган эрдиктери жалпы элдин кызыкчылыгын көздөгөнүн баамдайбыз. Мезгилдин өтүшү менен "Алмамбеттин окуясы" манасчылардын жашап өткөн дооруна байланыштуу өзгөрүүлөргө учураганы менен түпкү идея жана салттык мотивдер сакталган.

***Адабияттар***


1. *Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. – Фр.: Илим, 1981. – 264 б.*
2. *Жамгырчиева Г. Кыргыз эпосторундагы архаика-мифологиялык катмарлар. – Б.: Бийиктик, 2014. – 159 б.*
3. *Жирмунский В.М. Введение в изучение «Манас». – Ф.: Изд-во Киргизского филиала "Академии наук СССР", 1948. – 109 с.*
4. *"Манас". Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 1-китеп. Ш.Азизовдун варианты б-ча. – Б., 2013. – 408 б.*
5. *"Манас" Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]: 2-китеп. С.Каралаевдин варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1986. – 258 б.*
6. *"Манас" энциклопедиясы [Текст]: 1-том / А.Карыпкулов. – Б., КЭ Башкы редакциясы, 1995. – 439 б.*
7. *Эшиев А. Манастын улуу кыргыз мамлекети. – Б., Улуу тоолор, 2014. – 259 б.*